| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**АК-СУУ РАЙОНУ**<br><br>**ЭҢИЛЧЕК**<br>**АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЭНИЛЧЕКСКОГО**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

Эңилчек айылдык аймагынын айылдык кеңешинин XVIII чакырылышы
10 сессиясы

**Т О К Т О М**

**2023-жылдын 25-июлундагы № 12** **Эңилчек айылы.**

**Эңилчек айылдык аймагынын 2023-жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн пландык көрсөткүчтөрүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Эңилчек айылдык аймагынын 2023-жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн пландык көрсөткүчтөрүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Айпиева Айдай Исмаиловнанын докладын, «Бюджет, финансы жана экономика» боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Б. Ногоевдин кошумча докладын угуп жана талкуулап, ошондой эле «2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө» мыйзамын жетекчиликке алып, Эңилчек айылдык аймагынын айылдык Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2023-жылдын айылдык аймагынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн “Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр” 706 функциянын кодундагы:
- 2.2.1.5.4.9.0.0. “Башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө менен байланышкан башка чыгашалар” статьясынын планы 21,0 миң сомго азайтылсын;
- 2.2.2.2.1.1.0.0. “Жабдууларды жана материалдарды сатып алуу” статьясынын планы 21,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

**2.** 2023-жылдын айылдык аймагынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн “Билим берүү” 709 функциянын кодундагы Башталгыч мектебинин:
- 2.2.2.2.1.1.0.0. “Жабдууларды жана материалдарды сатып алуу” статьясынын планы 6,0 миң сомго азайтылсын;
- 2.2.2.1.1.1.0.0. “Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” статьясынын планы 6,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

**3.** Эңилчек айылдык аймагынын 2023-жылдын бюджеттин чыгашалар бөлүгүнүн пландык көрсөткүчтөрүн толук аткарууга багытталган иш чараларды регулярдуу түрдө ишке ашыруу жагы Эңилчек айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.А. Усубакуновго милдеттендирилсин.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Эңилчек айылдык аймагынын айылдык кеңешинин «Бюджет, финансы жана экономика» боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Б. Ногоевге тапшырылсын.

**Төрага** **А.У. Исмаилова**